# Күндөйүм

Карабайт да каалап жүрөк сүймөйүн.
Кара кашы кагылайын күндөйүм
Карай берсең өмүр бою кадалып,
Карегиңде чөгүп кетип жүрбөйүн.
кайырма:
Күндөйүм ай, күндөйүм.
Күнүм дебей ким дейин
Карегимде турасың ай
Кайда гана жүрбөйүн.
Жал жал тиктеп карай берсең күндөйүм
Жаным бирге жалыныңа күйбөйүн
Жан жыйынын каны болуп жүгүрүп
Жүрөгүңө кирип алып жүрбөйүн.
Карабайт го мени сенче бөлөктөр
Караганга сен экөөбүз себепкер
Анда жаным кол кармашып жүрөлүк
Өмүр бою бирге калып жүрөктөр
Арзуу болбойт каалап жүрөк сүймөйүн.
Кара кашы кагылайын күндөйүм
Карай берсең өмүр бою кадалып
Карегиңе чөгүп кетип жүрбөйүн.